**Бишкек шаары**

**Биринчи май району**

**№27 жалпы билим берүүчү орто мектеби**

# *Мамлекеттик тил усулдук бирикмеси*

**Кептик тема: Ата Мекеним**
**Грамматикалык тема: Кандай? деген суроого жооп берген сөздөр.**

*Кулмамбетова Бурул Тайгашкаевна*

*2020-2021- окуу жылы*

4-г класс

Сабактын темасы: Ата Мекеним

Жаңы лексика : даңктанат, калк, кереметтүү, эркин, эгемендүү.

Грамматикасы: Кандай? деген суроого жооп берген сөздөр.

Сабактын максаттары / күтүлүүчү натыйжалары:

Тилдик: Тема боюнча жаңы лексиканы пайдаланышат;

Кандай? деген суроого жооп берген сөздөрдү өз кебинде колдонушат;

Кептик: Текст менен иштешет, суроолорго жооп беришет.

Ата мекени жөнүндө билишет;

Көнүгүү-машыгуу иштерин аткарышат.

Кырдаалга жараша маалымат сураганга, жооп бергенге машыгышат.

Көргөндөрүн эстеп калууга үйрөнүшөт.

Социо-маданий: Кыргыз жеринин баа жеткис байлыктары жөнүндө билишет,

Аларды баалоо, сактоо керектигин түшүнүшөт.

Сабактын ресурстары: ОТК, китеп, ватман, маркерлер.

Сабактын тиби: Жаңы билимге ээ болуу.

Сабактын ыкмасы: Көрсөтмөлүү.

Сабактын формасы: Суроо- жооп.

Сабактын жүрүшү:

а) уюштуруу

б) үй тапшырмасын текшерүү

в) жаңы теманы түшүндүрүү

1. **Сабактын киришүү бөлүгү. Окуучуларды окуу ишмердүүлүгүнө мотивдештирүү. 3 мүнөт**

| **Мугалимдин иш-аракети** | **Окуучунун иш-аракети** |
|---|---|
| Саламдашуу;<br>Саламатсыңарбы балдар?<br>Сабагыбызды баштардан мурун бири-бирибизге жагымдуу маанай тартуулайлы. Мен баштайын. Мен силерди көргөнүмө абдан кубанычтамын. Сайкал сен бүгүн абдан жакшынакай болуп келипсиң. | Окуучулар мугалим менен учурашып, бири-бирине жагымдуу маанай тартуулашат.<br><br>- Томарис, сен абдан сулуусуң. |

**Сабактын негизги бөлүгү. Үй тапшырманы текшерүү. 2 мүнөт.**

| | | |
|---|---|---|
| **Кана, балдар тактадагы сүрөттөргө көңүл буралычы**.<br>Эмнени көрүп турасынар?<br>**Балдар, биз кайсы өлкөдө жашайбыз?**<br>Кыргызстан кандай? Бүгүнкү сабагыбызда эмне жөнүндө сөз | **Жаратылышты, тоону ,сууну.Кыргызстанды.**Кыргызстан кооз, таза тоолуу, эркин, эгемендүү.Көп улуттуу.<br>Окуучулар дептерлерине сабактын темасын жазышат.<br>Кыргыз жери керемет. | Окуучунун тилдик компетентүүлүгүн өстүрүү максатында сөздүк ишин ийгиликтүү өткөрүүдө жаңы сөздөрдүн мааниси ар түрдүү жолдор менен ачылат. Жаңы лексика окуучунун кебинде |

| | | |
|---|---|---|
| болот деп ойлойсунар?<br>Азаматсыңар, туура Ата Мекен жөнүндө.<br>**Анда эмесе тактага бүгүнкү числону жана сабагыбыздын темасын жазалы.** Окуучуларга сабактын максатын түшүндүрөм. Эмесе балдар,жаңы сөздөр менен таанышалы.Тактадагы ар бир сөздү сүрөттөр аркылуу түшүндүрүп берем.<br>Даңкталат-белгилүү<br>Калк – эл<br>Кереметтүү – укмуш, сонун<br>Ушул сөз айкаштарын, же сүйлөмдөрдү түзүп көргүлөчү<br>Кана балдар биз жаңы сөздөр менен таанышып алдык, эми силер текст менен таанышасыңар. Текстти кунт коюп окуп чыккыла. Эми текстти тыным менен окуйбуз. Биринчи тынымдан кийин суроолорго жооп бересиңер.<br>Текст: Ата Мекеним<br>1. Суроолор: Силердин мекениңер кайсы?<br>2. Мекениңерди кимге теңейсиңер?<br>3.Кыргызстан кандай өлкө? | Бул жердин калкы абдан көп. Сүрөттщрдү көрүп окуучулар берилген сөздөр эмнени түшүндүрөөрүн өздөрү аракет кылып жооп беришет,сөздөрдү эстеп калышат.<br><br><br><br><br>Текстти окуп, суроолорго жооп беришет.<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Окуучулар тактадагы сүрөттөрдөн керемет жерлерди жана ал жерлерде эмне бар экенин билишет. | бекемделип калыш керек. Ошондуктан окуучуга ушул учурдажаңы сөздөрдү өз кебинде колдонушу үчүн мындай иштер зарыл: сүрөттөр аркылуу түшүнүп кабыл алуу, жекече кайталоо, хор менен да кайталоо, сөз айкаштарда же сүйлөмдө колдонуу, сабак учурунда кептик кырдаалдарда кептик үлгүлөр аркылуу да, эркин да колдонуу. |

| | | |
|---|---|---|
| Тексттин экинчи тынымда Сүйлөмдөрдү толуктагыла, кандай? деген суроолорго жооп берген сөздөрдүн астын сызышат. Кыргызстанда жети облус бар дедик. Анда эмесе алардын керемет жерлери менен таанышалы. | | |

**4.** Өтүлгөн материалды бышыктоо 7 мүнөт

| | | |
|---|---|---|
| Мен окуучуларга парта боюнча тапшырма берем. Алар алган билимдерин бышыктоо иретинде кластер түзүшөт. | Окуучулар түзгөн кластерлерин түшүндүрүп беришет. | Топторго аткарууга берилген тапшырмада бир топтогулар жооп берип жатса, калган топтогулар ал маалыматты көңүл коюп угушат. Бири- бирине суроо берип, түшүнүксүз учурду тактап алуу максатында карым-катнаш жасашат. Топтор бири-бирин баалашат. |

5. Сабактын жыйынтыгы. Рефлексия. Окуучулардын баалоосу. 2 мүнөт

| | | |
|---|---|---|
| - Эмнеге үйрөндүң?<br>_ Эмнени билдиң?<br>_ Сен үчүн эмнелер кызыктуу болду? (1 мүнөт) | 1. Мен … үйрөндүм.<br>2. Мен… билдим.<br>3. Мен үчүн… кызыктуу болду. | Ар бир окуучу сабактын аягында өз билимин баалаганга мүмкүнчүлүк алат. Сабакта өз ишин баалоого, жыйынтыктаганга үйрөнөт. |

6. Сабактын максаттары канчалык деңгээлде ишке ашкандыгын аныктоо.

| | | |
|---|---|---|
| Текстке ат коюп, ал боюнча сүйлөштүк. Бири- бирибизге сылык мамиле кылдык. Өзүбүздүн жана бири-бирибиздин ишмердигибизди бааладык. | Окуучулар менен бирдикте талдайбыз. | Сабактын аягында окуучулар менен максаттар канчалык деңгээлде ишке ашканын аныктоо үчүн бир мүнөттүн ичинде талкуу жүргүзөбүз. |

7. Үй тапшырма берүү. 1 мүнөт.

| | | |
|---|---|---|
| « Менин кичи мекеним» деген темада аңгеме жазып келгиле | Окуучулар тапшырма кантип аткарыла тургандыгын сурап алышат. | |








114